# МЕН СЫЙЛАГАН АДАМДАР…

# СОНУНБҮБҮ…

# (ФОТО)

Чоң энем мага абдан жакын эле,
Турушу, турпаты бүт акыл эле...
Бүр мүнөт анын колу бошочу эмес,
Жип турген «станоктой» такыр эле...

Отурса-турса дайым жалынычу,
Ордуна көлдөлөнүн салынычу?..
Беш убак намаз окуп үзгүлтүксүз,
Кудайга кулдук уруп табынычу?..

Мен өлсөм окуп жүргүн куран мага
Деп-энем, кеткен чыны келбес жайга?..
Айткандай арбагы анын колдосун деп,
Ар дайым «Орозодо» кылам дуба...
Болсо деп тилегинен,
Баскандан там-туң
мени адам...
баштап ар бир кадам?
Энемдин эсебинде болсом керек,
Эгиздей бир ээрчишип жүргөн жалаң...

Кудайым эстүү келин берсе дечү,
ээрчитип неберелер келсе дечү...
Уланса, ТУРПАНымдын тукумдары,
Төбөсү көккө жетип ал эңсечу!..

Узаттык чоң энемди, «келбес жайга>>,
Батасы чоң энемдин тийди мага?
Уланып турмуш келет орду менен,
Алмашып жылдар жылга, айлар айга...
Энемдин акыл сөзү түркүк болуп,
Өмүргө тумар болуп турат жанга
Оту өчпөс коломтосу чоң энемдин
Алоолоп күйүп турат азыр кайра!

******

**АКЫЛМАН ЭКЕН ЧОҢ ЭНЕМ**

Акылман экен чоң энем,
Анда мен бала, билбегем…
Оку деп бизге какшачу,
Ойносом кечке күндө мен.

Көрөгөч экен чоң энем,
Көп ишти билген жөнүнөн…
Билимдуу болгун деп айтчу,

Бир калбай өскөн теңиңен.

Намазын окуп таң ата

Ойготчу эрте таң атса.

Отуз сөз жаттап ал дечү,

Орусча китеп мен ачсам.

Тазалап кийим кий дечу,

Тартиптүү болуп жүр дечү.

Улууга салам бер дечү

Уруксаат сурап кир дечу.

Энебиз таза киши эле

Эмгеги анын күч эле…

Эртеден кечке олтурбай,

Эрмеги анын «иш» эле.

Жапжаңы турчу табагы,

Жалтылдап турчу калагы.

Жалтылдап турчу кычкачы,

Жаркылдап турчу кабагы…

Кудайга тобо келтирип,

Беш убак намаз окуган.

Балдардын тилеп өмүрүн,

Байлыгын үйдүн толтурган

Бакыттай мага көрүнчү,

Балпайып төрдө олтурган…

**КАДЫРКУЛ**

**(ФОТО)**

Айылдаштар айтышчу момун дешип,
Атабыз да ал сөздү турчу сезип?..
Ап-апакай сакалын айдай сылап,
Апабызга бир дагы тили тийбей,
Аздыр-көптүр жашоосу өттү кетип…

Жатындашы ТУРПАНДЫ сыйлаар эле
Ооруп калса, жүрөгү ыйлаар эле…
Какап-мокоп каадалуу сөз айталбай,
Карааныга жалынып кадимкидей,
Карагаттай көз жашын тыйбаар эле…

Бир тууганын атабыз тоодой көрчү,
ТУРПАН айтса туура сөз, ата көнчү...
Ирегеси бузулбай өмүр бою,
Мисал болуп айылда ынтымактын,
Ушулардай болсо деп, айыл келчү?

Бир да адамга келтирбей зыян-залал,
Бар жашоосу атанын өттү адал...
Дүнүйөсү, оокаты кемиген жок,

Эл ичинде момун ат калды жакшы,
Мойсосо да атаны шүмшүк ажал!..

**ТУРГАНБҮБҮ (САРЫГУЛОВА)**

**(ФОТО)**

Жаш кезде сергек экен, чыйрак экен,
Жаркылдап кыялдары элпек экен...
Атасы эркелеткен жалтаң кылбай,
Айылда балдар окшош тентек экен?

Тай минип балдар менен жарышчу экен,
Тойлорго, Айтка минип барышчу экен...
Күмүштөн токулгасын жабдып тайдын
Күмүш сакал Сарыгулдун кызы го деп,
Күндөй күлүп келатса, таанышчу экен?

Мезгил өтүп суулардай агып өмүр,
Менменсинип теректей, өстү көңүл...
Секелек кыз кечөөкү, ТУРГАНБҮБҮ
Бир үйдүн очор-бачар ээси болду,
Кыялдары токтолуп, кыздай, жеңил...

Ит агытып, куш салган САРЫГул ата,
Ирегеси май аккан, тойдо баса?...

ИНГЕН баштап төрт түлүк мал союлуп
Ийгилиги болсун деп ушул тойдун,
Кыз узатып ал элден алган бата...

Шарт болсо да ал кезде мындан башка,
Кыз көңүлү төп келип чыккан жашка...
Эки куда ынтымак өмүр сүрүп,
Эл ичинде жашашты доорон суруп,
КеМЧИЛ болбой турмушу, эл катары...
***
Жарк-жарк эткен бул өмүр суудай акты
Жакшылыгын аябай элге чачты...
Жаркылдаган жакшы адам эле дешип,
Жардамдарын көргенбүз берген дешип,
Жалпы элдин журегунен ордун тапты...

Эркектердей иш кылды аял башы
Эл ичинде ошол учун калды аты?
Эчен кыйын кездерде элин кутуп,
Эмгек кылган эринбей, элге тузук,
Эл башкарып, болсо да аял заты...

Эң алгачкы <<Педагог>> болгон киши,
Районду башкарып, билген ишин...
Алма-Атада партия окуусунан,
Акыл менен тарбия, билим алып,
Айылында <<баш» болуп жүргөн киши!

<<Баш>> болгону так ушул <<Башкармалык»,
Байыр албай үйүнө, «иши» калып...
Ден соолукту жоготкон бул апабыз,
«Коллективдүү чарбаны» көп башкарып,
Күндүр-түндүр эс албай уйку каныып?..

Үйдө аял түйшүгү оңой эмес,
<<Сыртта» кызмат аткарып, кылчу кеңеш...
Ден соолуктун да болот тура чеги
каалашса да иштешин айыл эли,
каалабаган үй-бүлө курган кеңеш?..

«Эр ортону» элүү жашта гүлдөй соолуп,
Баасы алтын, баркталбаган бул ден соолук!
Элине эмгек кылып акыбеттүү,
Ысыгына-суугуна жүргөн тоңуп,
Энесиндей балдардын, жүрөгү ооруп?..

Айтылган ал элинде иши калды,
Ак ниет адам деген жүзү калды...
Адал иштеп, эмгегин элдин жебей,
Адамдарга мен жакшылык кылгам дебей.
Ар дайым жаркылдаган кабагы ачык,
Ак көңүл апама окшош киши калды...